Сузак районундагы Кыз-Көл айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз бешинчи сессиясынын 2026-жылдын 24-сентябрындагы № 5-1 токтомунун № 2 тиркемеси

# КӨМҮҮ ЖАЙЫН БРОНДОО ЖӨНҮНДӨ КЕЛИШИМ

**№_____** «___» ____________ 2026-жыл Сузак району, Чымчык-Жар айылы

## 1. КЕЛИШИМДИН ТАРАПТАРЫ

Сузак районунун Кыз-Көл айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн **«Кыз-Көл Таза аймак» муниципалдык ишканасы**, мындан ары **«Аткаруучу»** деп аталуучу, Уставынын негизинде иш алып баруучу директору Халбаев Талибжан Раматиллаевич атынан, бир тараптан, жана Кыргыз Республикасынын жараны___________________________________, мындан ары **«Буйрутмачы»** деп аталуучу, паспортунун/ID-картасынын сериясы __________ № _________**,** «» ____________ ______ жылы ______________________________ тарабынан берилген, жашаган дареги: __________________________________________________________________, экинчи тараптан, мындан ары биргеликте **«Тараптар»** деп аталып, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 19-августундагы №502 **«Кыргыз Республикасынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо тартибин бекитүү жөнүндө»** токтомуна жана Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн тиешелүү чечимдерине ылайык ушул келишимди түзүштү.

## 2. КЕЛИШИМДИН ПРЕДМЕТИ

2.1. Аткаруучу Буйрутмачынын келечекте өзүн көмүү максатында ______________________________ көрүстөнүнүн аймагындагы, маркум ____________________________________________ (аты-жөнү) көмүлгөн жайдын жанындагы бош көмүү жайын брондоону жүргүзүүгө, ал эми Буйрутмачы белгиленген тартипте брондоо үчүн акы төлөөгө жана ушул келишимдин шарттарын сактоого милдеттенет.

2.2. Брондолгон көмүү жайынын так жайгашкан жери көрүстөндүн тиешелүү схемасында, каттоо журналында жана/же брондоону ырастоочу документте белгиленет.

**2.3.** Ушул келишимдин негизинде Буйрутмачыга жер участогуна карата менчик укугу же жер участогун жеке менчикке алуу укугу берилбейт.

**2.4.** Брондоо укугу ушул келишимде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген максатта гана пайдаланылат.

**2.5.** Брондолгон жай көрүстөндүн аймагындагы көмүүгө арналган орун болуп эсептелет жана анын укуктук режими Кыргыз Республикасынын көрүстөндөр жана көмүү маселелерин жөнгө салган мыйзамдары менен аныкталат.

**3. БРОНДООНУН МӨӨНӨТҮ ЖАНА УКУКТУН МАЗМУНУ**

3.1. Көмүү жайы 10 (он) жылдык мөөнөткө брондолот.

3.2. Брондоо мөөнөтү ушул келишимде көрсөтүлгөн күндөн тартып эсептелет.

3.3. Брондоо мөөнөтү аяктагандан кийин аны узартуу маселеси Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына, Министрлер Кабинетинин тиешелүү чечимдерине жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын чечимдерине ылайык чечилет.

3.4. Брондоо укугу автоматтык түрдө мураска калуучу же үчүнчү жакка өткөрүлүүчү мүлктүк укук катары каралбайт.

**3.5.** Буйрутмачы брондолгон көмүү жайын:

- сатууга;
- белек кылууга;
- ижарага берүүгө;
- күрөөгө коюуга;
- үчүнчү жакка өткөрүп берүүгө;
- башка жаранга пайдаланууга берүүгө;

башка жол менен тескөөгө укуксуз.

**3.6.** Буйрутмачы тарабынан ушул пункттун талаптары бузулган учурда, Аткаруучу мыйзамдарда белгиленген тартипте брондоонун укуктук статусун кайра кароого жана келишимди токтотуу маселесин коюуга укуктуу.

**4. БРОНДОО ҮЧҮН ТАЛАП КЫЛЫНУУЧУ ДОКУМЕНТТЕР**

**4.1.** Брондоо төмөнкү документтердин негизинде жүргүзүлөт:

1. Буйрутмачынын инсандыгын ырастоочу документ;
2. маркумдун өлгөндүгү тууралуу күбөлүк же мыйзамдарда каралган башка тиешелүү документ;
3. Буйрутмачынын маркум менен никесин мамлекеттик каттоо алынгандыгын ырастоочу документ;
4. мыйзамдарда жана тиешелүү ченемдик укуктук актыларда каралган башка документтер.

**4.2.** Буйрутмачы Аткаруучуга берилген документтердин жана маалыматтардын **толук, туура жана анык болушуна жеке жоопкерчилик тартат.**

**4.3.** Берилген документтерде туура эмес, бурмаланган же жалган маалыматтар аныкталган учурда, Аткаруучу брондоону жүргүзүүдөн баш тартууга же мыйзамда белгиленген тартипте мурда жүргүзүлгөн брондоону жокко чыгаруу маселесин кароого укуктуу.

**4.4.** Аткаруучу документтердин аныктыгына негиздүү шек жаралган учурда тиешелүү мамлекеттик органдардан маалыматтарды тактоого укуктуу.

## 5. БРОНДООНУН БААСЫ ЖАНА ТӨЛӨӨ ТАРТИБИ

**5.1.** Көмүү жайын брондоо боюнча төлөмдүн өлчөмү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын тиешелүү чечимдерине ылайык белгиленет.

**5.2.** Ушул келишим боюнча брондоо үчүн төлөмдүн өлчөмү:

**27 500 (Жыйырма жети миң беш жүз) сом.**

**5.3.** Төлөм бир жолку тартипте жүргүзүлөт.

**5.4.** Төлөм Аткаруучунун банктык эсебине келип түшкөн учурдан тартып төлөнгөн болуп эсептелет.

**5.5.** Төлөмдүн жүргүзүлгөндүгүн ырастоочу дүмүрчөк Буйрутмачы тарабынан сакталууга тийиш.

**5.6.** Буйрутмачынын өз демилгеси боюнча брондолгон жайдан баш тартуусуна, жеке каалоосунун өзгөрүшүнө, башка жерге көчүп кетишине, үй-бүлөлүк жагдайлардын өзгөрүшүнө жана башка жеке себептерге байланыштуу төлөнгөн каражаттарды кайтарып берүү маселеси мыйзамдарга жана ушул келишимдин шарттарына ылайык чечилет.

**5.7.** Аткаруучу тарабынан кызмат көрсөтүү үчүн иш жүзүндө чыгымдар тартылган болсо, аларды кайтаруу маселеси Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын эске алуу менен чечилет.

## 6. АТКАРУУЧУНУН УКУКТАРЫ

**6.1.** Аткаруучу төмөнкү укуктарга ээ:

1. Буйрутмачыдан брондоо үчүн зарыл болгон документтерди жана маалыматтарды талап кылууга;
2. берилген документтердин аныктыгын текшерүүгө;
3. документтер толук берилбеген учурда брондоону жүргүзүүнү токтото турууга;
4. анык эмес же жалган маалыматтар берилген учурда брондоону жүргүзүүдөн баш тартууга;
5. Буйрутмачы келишимдин шарттарын бузган учурда мыйзамда белгиленген чараларды көрүүгө;
6. көрүстөндүн ички тартибин, санитардык жана башка милдеттүү талаптарды Буйрутмачыдан сактоону талап кылууга;

7. көрүстөндүн аймагында брондолгон жерлердин эсебин жана каттоосун жүргүзүүгө;

8. көрүстөндүн схемасына, номерленишине жана жайгашуусуна байланыштуу техникалык өзгөртүүлөрдү мыйзамдарга ылайык жүргүзүүгө;

9. көрүстөндү реконструкциялоо, кеңейтүү, кайра пландаштыруу, санитардык, экологиялык, шаар куруу же башка мыйзамдуу талаптар келип чыккан учурда брондолгон жайдын жайгашкан ордун мыйзамда белгиленген тартипте өзгөртүү маселесин чечүүгө;

10. мыйзамдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын чечимдеринин же башка милдеттүү талаптардын өзгөрүшүнө байланыштуу ушул келишимдин шарттарын аларга ылайык келтирүүнү сунуштоого;

11. Буйрутмачыдан келишим боюнча өз милдеттенмелерин талаптагыдай аткарууну талап кылууга;

12. мыйзамда каралган башка укуктарды жүзөгө ашырууга.

## 7. АТКАРУУЧУНУН МИЛДЕТТЕРИ

**7.1.** Аткаруучу:

- зарыл документтер толук берилгенден жана тиешелүү төлөм жүргүзүлгөндөн кийин брондоону белгиленген тартипте жүргүзүүгө;
- брондолгон көмүү жайын тиешелүү каттоо документтеринде чагылдырууга;
- Буйрутмачыга брондоону ырастоочу документ берүүгө;
- Буйрутмачынын жеке маалыматтарын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык коргоого;
- алынган каражаттарды мыйзамдарда белгиленген тартипте пайдаланууга;
- көрүстөндүн жалпы тартибин жана санитардык талаптарын сактоого милдеттүү.

**7.2.** Аткаруучу Буйрутмачыга келишимде каралбаган башка кызматтарды акысыз көрсөтүүгө милдеттүү эмес.

## 8. БУЙРУТМАЧЫНЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**8.1. Буйрутмачы төмөнкү укуктарга ээ:**

- брондолгон көмүү жайы жөнүндө маалымат алууга;
- брондоону ырастоочу документ алууга;
- Аткаруучудан келишимдин шарттарын аткарууну талап кылууга;
- мыйзамдарда каралган тартипте өз укуктарын коргоого.

**8.2. Буйрутмачы төмөнкүлөргө милдеттенет:**

- бардык зарыл документтерди толук жана анык берүүгө;
- төлөмдү өз убагында жүргүзүүгө;
- көрүстөндүн белгиленген эрежелерин сактоого;
- брондолгон жерди өз алдынча өзгөртпөөгө;
- брондолгон жайга өз алдынча тосмо, курулуш же башка объект орнотпоого;
- Аткаруучунун жазуу жүзүндөгү макулдугусуз брондолгон жайдын жайгашуусун өзгөртүүгө аракет кылбоого;
- брондолгон жерди үчүнчү жактарга бербөөгө;
- Аткаруучуга берилген маалыматтар өзгөргөн учурда бул жөнүндө өз убагында билдирүүгө;
- ушул келишимдин шарттарын сактоого.

## 9. БРОНДОЛГОН ЖАЙДЫ ПАЙДАЛАНУУНУН ӨЗГӨЧӨ ШАРТТАРЫ

**9.1.** Брондолгон жайды пайдалануу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана көрүстөндүн ички эрежелерине ылайык жүргүзүлөт.

**9.2.** Брондолгон жайга Аткаруучунун жана тиешелүү органдардын уруксатысыз кандайдыр бир курулуш, тосмо, эстелик же башка объекттерди орнотууга жол берилбейт.

**9.3.** Брондолгон жайдын чектери жана өлчөмдөрү көрүстөндүн бекитилген схемасына ылайык аныкталат.

**9.4.** Буйрутмачынын каалоосу боюнча брондолгон жайдын өлчөмүн же жайгашкан жерин өз алдынча өзгөртүүгө жол берилбейт.

**9.5.** Көрүстөндүн аймагын санитардык, экологиялык, шаар куруу, коопсуздук жана башка мыйзамдуу талаптарга ылайык уюштуруу зарылдыгы келип чыккан учурда, Аткаруучу брондолгон жайдын жайгашкан жерин өзгөртүү боюнча чараларды тиешелүү тартипте көрүүгө укуктуу.

## 10. АТКАРУУЧУНУН ЖООПКЕРЧИЛИГИ

**10.1.** Аткаруучу ушул келишим боюнча өзүнө алган милдеттенмелерди Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул келишимге ылайык аткарууга милдеттүү.

**10.2.** Аткаруучунун жоопкерчилиги Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын императивдик талаптарынын чегинде аныкталат.

**10.3.** Аткаруучу төмөнкү жагдайлардан улам келип чыккан зыян же ыңгайсыздык үчүн жоопкерчилик тартпайт, эгерде мыйзамдарда башкача каралбаса:

- Буйрутмачы тарабынан туура эмес же анык эмес маалымат берилсе;
- Буйрутмачы келишимдин шарттарын бузса;
- мамлекеттик органдардын чечимдеринен улам өзгөрүүлөр киргизилсе;
- мыйзамдар өзгөрсө;

• форс-мажордук жагдайлар келип чыкса;

• көрүстөндүн аймагын реконструкциялоо же кайра уюштуруу зарылчылыгы келип чыкса;

• Аткаруучудан көз каранды болбогон техникалык, административдик же башка объективдүү жагдайлар орун алса.

**10.4.** Аткаруучу мыйзамда белгиленген жоопкерчиликтен келишим аркылуу негизсиз бошотулбайт.

**11. КЕЛИШИМДИ ТОКТОТУУ ЖАНА БРОНДООНУН ЖОККО ЧЫГАРЫЛЫШЫ**

**11.1.** Келишим төмөнкү учурларда токтотулат:

1. Тараптардын жазуу жүзүндөгү өз ара макулдашуусу боюнча;
2. келишимдин колдонуу мөөнөтү аяктаганда;
3. Буйрутмачынын жазуу жүзүндөгү арызынын негизинде;
4. Буйрутмачы келишимдин олуттуу шарттарын бузганда;
5. жалган же жасалма документтер берилгендиги аныкталганда;
6. брондоо укугу үчүнчү жакка мыйзамсыз өткөрүлүп берилгенде;
7. Буйрутмачы каза болуп, ушул келишимде каралган негиздер боюнча брондоону сактоо зарылчылыгы жок болгондо;
8. көрүстөндүн укуктук статусу өзгөргөндө;
9. көрүстөндү жабуу, көчүрүү же реконструкциялоо зарылчылыгы мыйзамдуу негизде келип чыкканда;
10. Тараптардан көз каранды болбогон жагдайлардын натыйжасында келишимди аткаруу мүмкүн болбой калганда;
11. мыйзамдарда каралган башка учурларда.

**11.2.** Буйрутмачы тарабынан келишимдин шарттары олуттуу бузулган учурда Аткаруучу мыйзамда белгиленген тартипте келишимди мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө талап коюуга укуктуу.

**11.3.** Брондолгон жайдан баш тартуу Буйрутмачынын жеке каалоосуна жана күнөөсүнө байланыштуу болсо брондоо акысы кайтарылбайт.

**11.4.** Эгер келишим Аткаруучунун мыйзамсыз аракетинен улам токтотулса, төлөмдөрдү кайтаруу маселеси мыйзамда белгиленген тартипте чечилет.

**12. ФОРС-МАЖОРДУК ЖАГДАЙЛАР**

12.1. Тараптар өздөрүнүн эркинен көз каранды болбогон жана алдын ала болжолдоого же алдын алууга мүмкүн болбогон өзгөчө жагдайлардын натыйжасында милдеттенмелерди аткара албай калган учурда, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жоопкерчиликтен бошотулушу мүмкүн.

12.2. Мындай жагдайларга табигый кырсыктар, өрт, сел, жер титирөө, согуштук аракеттер, өзгөчө кырдаалдар, мамлекеттик органдардын милдеттүү чечимдери жана башка ушул сыяктуу жагдайлар кирет.

12.3. Форс-мажордук жагдайдын келип чыгышы Тараптарды мындай жагдай жоюлгандан кийин мүмкүн болгон деңгээлде милдеттенмелерди аткаруудан бошотпойт.

**13. КЕЛИШИМДИН МӨӨНӨТҮ**

13.1. Ушул келишим Тараптар кол койгон күндөн тартып күчүнө кирет.

13.2. Келишимдин брондоо боюнча негизги мөөнөтү 10 (он) жыл.

13.3. Келишимдин мөөнөтү аякташы Буйрутмачыны келишимди колдонуу мезгилинде келип чыккан милдеттенмелерди аткаруудан бошотпойт.

**14. БИЛДИРҮҮЛӨРДҮ ЖӨНӨТҮҮ ТАРТИБИ**

14.1. Ушул келишим боюнча расмий билдирүүлөр жазуу жүзүндө берилет.

14.2. Буйрутмачы өзүнүн жашаган дареги, байланыш телефону же башка маанилүү маалыматтары өзгөргөн учурда бул жөнүндө Аткаруучуга жазуу жүзүндө билдирүүгө милдеттүү.

14.3. Буйрутмачы мындай өзгөрүү жөнүндө билдирбеген учурда, Аткаруучуда болгон акыркы дарекке жөнөтүлгөн билдирүү тиешелүү тартипте жөнөтүлгөн болуп эсептелет.

**15. ТАЛАШ-ТАРТЫШТАРДЫ ЧЕЧҮҮ**

15.1. Тараптар ушул келишимди аткарууга байланыштуу келип чыккан талаш-тартыштарды биринчи кезекте сүйлөшүү жолу менен чечүүгө аракет кылышат.

15.2. Сүйлөшүү жолу менен чечүү мүмкүн болбогон талаштар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленген тартипте сот тарабынан чечилет.

15.3. Буйрутмачынын Аткаруучуга болгон доосу жазуу жүзүндө берилип, анда талаштын предмети, талаптары жана аларды ырастаган документтер көрсөтүлүүгө тийиш.

**16. ЖЕКЕ МААЛЫМАТТАРДЫ ИШТЕТҮҮ**

16.1. Буйрутмачы ушул келишимди түзүү жана аткаруу максатында өзүнүн жеке маалыматтарын Аткаруучунун чогултуусуна, сактоосуна, иштетүүсүнө жана мыйзамда белгиленген учурларда тиешелүү мамлекеттик органдарга берүүсүнө макулдугун берет.

16.2. Аткаруучу Буйрутмачынын жеке маалыматтарын Кыргыз Республикасынын жеке маалыматтарды коргоо жөнүндө мыйзамдарынын талаптарына ылайык иштетүүгө милдеттүү.

**17. КЕЛИШИМДИН БАШКА ШАРТТАРЫ**

17.1. Ушул келишимде каралбаган маселелер Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары менен жөнгө салынат.

17.2. Эгер ушул келишимдин кайсы бир жобосу мыйзамдарга каршы келет деп таанылса, калган жоболор өз күчүндө калат.

17.3. Ушул келишимге өзгөртүүлөр жана толуктоолор жазуу жүзүндө түзүлүп, Тараптар кол койгон учурда гана күчүнө кирет, эгерде мыйзамдарда башкача каралбаса.

**17.4. КЕЛИШИМДИН АЖЫРАГЫС БӨЛҮГҮ БОЛГОН ТИРКЕМЕЛЕР**

Ушул келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп төмөнкү тиркемелер эсептелет:

1-тиркеме — Көмүү жайын брондоонун схемасы. Көрүстөндүн аталышы, жайгашкан жери, сектору, катары, брондолгон көмүү жайынын номери, өлчөмү жана анын көрүстөндүн жалпы схемасындагы жайгашкан орду көрсөтүлөт.

2-тиркеме — Көмүү жайын брондоону кабыл алуу жана каттоо актысы. Аткаруучу тарабынан Буйрутмачыга көмүү жайынын брондолгондугун ырастоочу документ болуп эсептелет. Актта брондолгон жайдын жайгашкан жери, номери, брондоо мөөнөтү, төлөмдүн өлчөмү жана Тараптардын колдору көрсөтүлөт.

17.5. Буйрутмачы ушул келишимге кол коюу менен жогоруда көрсөтүлгөн 1-, 2- жана 3-тиркемелер менен таанышкандыгын, алардын мазмунун түшүнгөндүгүн жана аларда белгиленген талаптарды сактоого макул экендигин ырастайт.

17.6. Ушул келишимдин 1-, 2- жана 3-тиркемелери келишим менен бирдей юридикалык күчкө ээ болуп, анын ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет.

17.7. Келишимдин тиркемелерине киргизилүүчү өзгөртүүлөр жана толуктоолор жазуу жүзүндө жүргүзүлүп, Тараптар тарабынан кол коюлган учурда гана жарактуу болуп эсептелет, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башкача каралбаса.

**18. ТАРАПТАРДЫН РЕКВИЗИТТЕРИ ЖАНА КОЛДОРУАТКАРУУЧУ**

| **АТКАРУУЧУ** | **БУЙРУТМАЧЫ** |
|---|---|
| Сузак районунун Кыз-Көл айыл өкмөтүнүн алдындагы «Кыз-Көл Таза аймак» муниципалдык ишканасы<br>**Дареги:** Сузак району, Чымчык-Жар айылы, Т.Сатаров көчөсү №26<br>**Реквизиттери:** Жалал-Абад филиалы, ОАО «Айыл Банк» **Аталышы:** «Кыз-Көл Таза аймак» МИ **Код:** 32535889 **ИНН:** 01901202410052 **Р/с (СОМ):** 1350510020044091 **БИК: 129029**<br>**Директор: К.Ажиматов** | **Аты-жөнү:** ______________________________<br>**Туулган/күнү:** ______________<br>**ИНН:**________________________________<br>**Паспорт/ID-карта №:**___________________<br>**Жашаган дареги:**______________________<br>__________________________________<br>**Телефон:**__________________________<br>**Колу:**_________________________ |

| | |
|---|---|
| **Колу: ______________________** | |

**Кыз-Көл айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары**
**А.Абдыкалыков**